КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЧҮЙ РАЙОНУ
ОНБИР-ЖЫЛГА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧУЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОНБИР-ЖЫЛГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2025-жылдын 12-июну № 36 Шамшы а.

**Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн Маданият айылынын Байдылда Маленов атындагы орто мектебинде жайгашкан №7083 участкалык шайлоо комиссиясын Маданият айылдык клубуна которуу жөнүндө**

Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн жергиликтүү Айылдык Кеңеши Б.Маленов атындагы орто мектептин имаратында жайгашкан №7083 участкалык шайлоо комиссиясын, мектеп имараты тар болгондугуна байланыштуу, жана жергиликтүү элдин сунушу менен, которуу жөнүндөгү маселени карап жана талкуулап чыгып Онбир-Жылга Айылдык Кеңеши төмөндөгүдөй:

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн Маданият айылынын Байдылда Маленов көчөсүнүн №6 дарегиндеги Байдылда Маленов орто мектебинин имаратындагы №7083 участкалык шайлоо комиссиясын, Мукаш-ата №22 дарегинде жайгашкан Маданият айылдык клубуна которулсун.

2.Токтом Чүй-Бишкек аралык Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

3. Токтомдун көчүрмөсү Чүй аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

4.Ушул токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн башчысы - Н.А.Исаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К.Анарбаев**